«БЕКИТЕМИН»

КЕЙИН интернейшнл институт

билим берүү мекемесинин ректору

Син Кёнг Хи

11 март 2022-ж.

**Илимий изилдөөнүн натыйжаларынын жайылтылышы тууралуу**

**АКТ**

1. **Ишке ашыруунун автору:** Мусаев Бакытбек Малаевич

2. **Илимий иштин аталышы:** «Маалыматтык технологиялардын жардамы менен студенттерди кесипке багыттап окутуу (башкаруудагы маалыматтык технологиялар курсун окутуунун мисалында)»

3. **Аннотация:** Маалыматтык технологиялардын каражаттары аркылуу бизнес-пландоону багыттуу окутуу процессинин илимий-методикалык системасын иштеп чыгуу каралды, маалыматтык технологиялардын каражаттары аркылуу бизнес-планды даярдоо процессинде алынган билим, билгичтик жана көндүмдөрдүн жыйындысы ЖОЖдун окуу процессинде студенттер үчүн бизнес-пландоо маселелерин камтыган дисциплиналардын окулулушунда *аракеттин ориентирлөөчү негизи* катары колдонулаары көрсөтүлдү. Изилдөөбүздүн конкреттүү багыты катары "Менеджмент" адистигинин алкагында "Менеджменттеги маалыматтык технологиялар" курсун кесипке багыттап окутуунун маселелери каралды.

4. **Натыйжасы:**

- ЖОЖдо "Менеджменттеги маалыматтык технологиялар" курсунун окутулушунда компьютердик чөйрөдөгү бизнес-пландоонун мисалында студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоочу окуу-методикалык комплекси иштелип чыгып, колдонууга берилген;
- студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоо каражаты катары "Менеджменттеги маалыматтык технологиялар" курсунда маалыматтык технологияларды колдонуунун натыйжалуулугу эксперимент түрүндө такталган;
- изилдөөнүн негизги жыйынтыктары жана корутундулары жогорку окуу жайларында студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоо тажрыйбасында, маалыматтык технологиялардын каражаттары аркылуу бизнес-пландоонун милдеттерин чечүү процессинде адистердин квалификациясын жогорулатуучу жана кайра даярдоо курстарынын тажрыйбасында да колдонууга болот.

5. **Ишке ашыруунун орду жана убактысы:** Изилдөөнүн алкагында иштелип чыккан аракеттин ориентирлөөчү негизинин таяныч схемаларынын жана таяныч таблицаларынын натыйжалуулугу 2018-2021-жылдар аралыгында уюштурулган эксперименттер аркылуу апробацияланды.

6. **Ишке ашыруу формасы:**

- Кесиптик ишмердүүлүккө студенттерди ийгиликтүү даярдоо көрсөткүчү катары аракеттин ориентирлөөчү негизинин калыптануу деңгээлин аныктоонун критерийлик методу иштелип чыкты.
- Аракеттин ориентирлөөчү негизинин калыптануусунун критерийлери баса көрсөтүлдү, билимди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүүнүн коэффициенттерин эсептөөнүн тартиби берилди.
- Аракеттин ориентирлөөчү негизинин калыптануу деңгээлин аныктоонун методдору тандалып алынды, өздөштүрүү деңгээлдерин контролдоо жана сурамжылоо этаптары сыпатталды.
- Маалыматтык технологиялар, бизнес-пландоодо маалыматтык технологияларды колдонуу аймактарында аракеттин ориентирлөөчү негизинин калыптануу деңгээлин аныктоо тесттери иштелип чыкты.
- Аракеттин ориентирлөөчү негизин калыптандыруу процессинде окуу жана кесиптик ишмердүүлүктүн мотивдерин аныктоочу анкеталар иштелип чыкты.
- Уюштуруу-башкаруу ишмердүүлүгүн уюштура билүүгө студенттерди даярдоонун бир шарты катары аракеттин ориентирлөөчү негизин калыптандыруу процессинде бизнес-пландоонун милдеттерин аткаруу үчүн маалыматтык технологияларды колдонуу натыйжалуулугу критерийлик методдун жардамы аркылуу эксперименттик түрдө текшерилип бекитилди. Аракеттин ориентирлөөчү негизинин калыптангандыгын көргөзүп эксперименттик группанын студенттери контролдук группанын студенттерине салыштырмалуу бардык критерийлер боюнча жакшы жыйынтыктарды көрсөткөндүгү байкалды.
- 2018-2019, 2019-2020, 2020-2021 окуу жылдарында «Менеджменттеги маалыматтык технологиялар» курсун окутуунун алкагында үч этаптан турган педагогикалык эксперимент жүргүзүлдү жана ага 268 студент катышышты.
- Алынган жыйынтыктар боюнча уюштуруу-башкаруу ишмердүүлүгүн уюштура билүүгө студенттерди даярдоонун бир шарты катары аракеттин ориентирлөөчү негизин калыптандыруу процессинде бизнес-пландоонун милдеттерин аткаруу үчүн маалыматтык технологияларды колдонуу натыйжалуулугунун механизмдери профессордук-окутуучулук курамга, структура жетекчилерине жана сапат бөлүмүнө сунушталды.

IT департаментинин директору Тонуева Г.И.
Менеджмент департаментинин директору Кудашев И.О.